ЖАЛАЛ-АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№10/25 ПРОТОКОЛУ

2026-ж. 28-май Манас ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 18
Катышкандар: 16
Катышпагандар: 2 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р. Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптулар	Регламент	Тиешелүү материалдар
1	Миссиянын, стратегиялык, жылдык пландардын аткарылышы, жыйынтыктардын анализи жана тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү	Нарбаев М.Р. - ректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору
2	Ички мониторингтин жыйынтыгы менен билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу жолдору жөнүндө	Ташиева Г.С.- сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору
3	Ар түрдүү маселелер			
3.1.	«Шифаа клиник – Жалал-Абад эл аралык университинин клиникасы» жоопкерчилиги чектелген коомунун аталышын өзгөртүү, штаттык жадыбалын жана тарифтик квалификациялык тизмесин бекитүү жөнүндө	Нарбаев М.Р. - ректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору
3.2.	ЖАМУнун профессордук-окутуучулук курамынын аттестациясы, KPI жана рейтингдик баалоо системасы жөнүндөгү жобону бекитүү Жалал-Абад эл аралык университетинин профессордук-окутуучулук курамынын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону кайра бекитүү, аттестациянын жана академиялык рейтингдин жыйынтыктары боюнча профессордук-окутуучулук курамды сыйлоо жөнүндө	Садырова Н.А. – Окуу иштери боюнча проректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору

3.3.	Жайкы эс алууну уюштуруу жөнүндө	Райимбеков К.А. – профсоюздук комитеттин төрагасы	5 мин	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча *ректор Нарбаев М.Р* миссиянын, стратегиялык жана жылдык пландардын аткарылышы, жыйынтыктардын анализи жана тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө ***сөз сүйлөдү:*** - Университеттин миссиясынын, стратегиялык өнүгүү программасынын жана 2025–2026-окуу жылына карата жылдык пландардын аткарылышы боюнча кеңири баяндама жасады.

Баяндамада төмөнкү негизги багыттар боюнча маалымат берилди:

- билим берүү ишмердүүлүгүнүн сапатын жогорулатуу;
- илимий-изилдөө иштеринин натыйжалуулугу;
- эл аралык кызматташтык жана академиялык мобилдүүлүк;
- кадрдык потенциалды өнүктүрүү;
- материалдык-техникалык базаны чыңдоо.

Белгиленгендей, отчеттук мезгилде:

- негизги стратегиялык көрсөткүчтөрдүн басымдуу бөлүгү аткарылган;
- билим берүү процессинде санариптик технологиялар кеңири колдонулууда;
- илимий активдүүлүк (макалалар, конференциялар) өсүү динамикасын көрсөттү;
- эл аралык байланыштар кеңейген.

Ошол эле учурда айрым көйгөйлөр белгиленди:

- айрым кафедраларда илимий продуктивдүүлүктүн төмөн деңгээли;
- стратегиялык көрсөткүчтөрдүн аткарылышын системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жетишсиздиги;
- KPI системасынын толук кандуу иштебеши.

СҮЙЛӨШТҮ:

Окуу иштери боюнча проректор Садырова Н.А. төмөнкү сунуштарды берди:

- ар бир структуралык бөлүм үчүн так сандык көрсөткүчтөрдү (KPI) иштеп чыгуу;
- стратегиялык пландардын аткарылышын квартал сайын мониторинг кылуу;
- илимий иштерди стимулдаштыруу (Scopus, Web of Science публикациялар);
- санариптик башкаруу системасын (dashboard) киргизүү;
- эл аралык рейтингдерге катышууну активдештирүү.

Айрым мүчөлөр стратегиялык пландоону факультеттик деңгээлде күчөтүү зарылдыгын белгилешти.

Токтом долбоору

1. Университеттин миссиясынын жана стратегиялык, жылдык пландарынын аткарылышы **жалпысынан канааттандыраарлык** деп табылсын.
2. Төмөнкү иш-чаралар милдеттендирилсин:
    - ар бир бөлүм үчүн KPI көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу жана бекитүү;
    - стратегиялык пландардын аткарылышын кварталдык негизде талдоо;
    - санариптик мониторинг жана отчеттуулук системасын киргизүү;
    - илимий изилдөөлөрдү жана эл аралык публикацияларды көбөйтүү боюнча чараларды күчөтүү.

Токтом долбоору добушка коюлуп, бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор Ташиева Г.С.- “Урматтуу кесиптештер! 2025–2026-окуу жылында ЖАЭУнун сапат кеңеши тарабынан ички сапат камсыздоо системасын өркүндөтүү боюнча комплекстүү иштер жүргүзүлдү. Билим берүү программаларынын мазмуну, окутуунун натыйжалуулугу жана студенттердин жетишкендиктерин баалоо механизмдери талданып чыкты. Аккредитациялык талаптарга ылайык ички мониторингдер, сурамжылоолор жана өзүн-өзү баалоо иштери жүргүзүлдү. Медициналык билим берүүдө клиникалык практиканын сапатын жогорулатуу, баалоонун ачык-айкын механизмдерин киргизүү жана окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча сунуштар иштелип чыкты. Ошондой эле студенттердин кайтарым байланышын талдоо аркылуу билим берүү процессин жакшыртуу иштери жүргүзүлүүдө.”

2025–2026-окуу жылында университетте билим берүү процессинин сапатын камсыз кылуу максатында ички мониторинг системалуу жүргүзүлдү. Мониторинг окуу процессинин уюштурулушун, окуу-усулдук камсыздоону, сабак өтүүнүн сапатын, студенттердин жетишкендиктерин жана санариптик билим берүү чөйрөсүн камтыды.

Жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгында сабак өтүүнүн сапаты жалпысынан канааттандыраарлык деңгээлде экени аныкталды. Окутуучулардын методикалык даярдыгы жетиштүү, бирок айрым учурларда интерактивдүү жана инновациялык методдорду колдонуу жетишсиз бойдон калууда.

Окуу-усулдук кеңеш тарабынан силлабустар, жумушчу программалар жана окуу-методикалык комплекстер кайра каралып, жаңыланды. Ошол эле учурда айрым дисциплиналар боюнча окуу-усулдук материалдарды толуктоо зарылдыгы белгиленди.

Студенттердин билим сапатын баалоо боюнча жүргүзүлгөн мониторингде тесттик тапшырмаларды жана баалоо инструменттерин өркүндөтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштеринин сапатын жогорулатуу маселелери аныкталды.

Отчеттук мезгилде билим берүү процессине CBL, TBL, OSCE сыяктуу инновациялык технологиялар киргизилип, LMS жана электрондук платформалар колдонулууда. Бирок санариптик технологияларды пайдалануу деңгээли бардык кафедраларда бирдей эмес.

Аккредитацияга даярдык алкагында билим берүү программалары кайра каралып, ички сапат кепилдиги системасы күчөтүлдү. Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча методикалык семинарлар жана окутуулар уюштурулду.

Жыйынтыктап айтканда, университетте билим берүү процессинин сапаты туруктуу жана канааттандыраарлык деңгээлде.

Сунушталат:

— окуу-усулдук камсыздоону толуктоо жана стандартташтыруу;
— санариптик билим берүү технологияларын кеңири колдонуу;
— баалоо системасын өркүндөтүү;
— ички сапат кепилдигин күчөтүү;
— ППСтин квалификациясын жогорулатуу иштерин улантуу.

Токтом долбоору

1. Ички мониторингтин жыйынтыгы жана Окуу-усулдук кеңештин ишмердүүлүгү канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу максатында:

— бардык дисциплиналар боюнча окуу-усулдук материалдар (силлабус, жумушчу программа, ОМК) жаңыланып, методикалык кеңештен өткөрүлсүн;

— окуу процессинде LMS жана санариптик билим берүү платформаларын милдеттүү түрдө колдонуу камсыз кылынсын;

— баалоо инструменттери (тесттик банк, кейс, практикалык жана компетенттик баалоо) өркүндөтүлсүн;

— студенттердин өз алдынча иштеринин (СӨЖ) сапатын системалуу көзөмөлдөө күчөтүлсүн.

3. Ички сапат кепилдиги системасын өркүндөтүү боюнча:

— туруктуу ички аудит жана мониторинг жүргүзүү механизми күчөтүлсүн;

— билим берүү программаларын эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү иштери улантылсын;

— аккредитацияга даярдык иштери системалуу негизде жүргүзүлсүн.

4. Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча:

— санариптик окутуу технологиялары, чет тилдер (TOEFL) жана сапат менеджменти (ISO) боюнча окутуулар улантылсын;

— эл аралык тажрыйба алмашуу жана академиялык мобилдүүлүк кеңейтилсин.

5. Кафедра башчыларына:

— окуу-усулдук камсыздоонун сапатын камсыз кылуу;

— сабак өтүүнүн инновациялык методдорун колдонуу;

— билим сапатын жогорулатуу боюнча конкреттүү иш-чаралар планын иштеп чыгуу милдеттендирилсин.

Токтом долбоору добушка коюлуп, бир добуштан кабыл алынды.

3. Ар түрдүү маселелр:

3.1 маселе боюнча ректор Нарбаев М.Р. сөз сүйлөдү. Университеттин ректору клиниканын аталышын өзгөртүү зарылдыгы боюнча маалымат берди. Анын билдирүүсүнө ылайык, учурдагы «Шифаа клиник» аталышын «Шифаа МАКС» деп өзгөртүү сунушталды. Себеби Индия мамлекетинде бир топ MAX аталышындагы клиникалар тармагы бар, ал клиникалар менен келишимдер түзүлүп келечекте биргеликте иш алып баруу пландалууда. Ошондой эле , бул өзгөртүү мекеменин брендин жаңыртуу, таанымалдыгын жогорулатуу жана заманбап талаптарга ылайыкташтыруу максатын көздөйт деди. Клиниканын штаттык бирдигинде өзгөрүүлөр болгондугуна байланыштуу тарифтик квалификациялык тизмесин кайра бекитүүнү сунуштады.

Токтом долбоору

1. Юридикалык жактын аталыштары:

- мамлекеттик тилде: **«Шифаа МАКС – Жалал-Абад эл аралык университинин клиникасы»** жоопкерчилиги чектелген коому;
- официалдуу тилде: Общество с ограниченной ответственностью « **Шифаа МАКС - Клиника Жалал-Абадского международного университета**»;
- англис тилинде: Limited Liability Company.«**Shifa MAX - Jalal-Abad International University Clinic**»

Кыскартылган аталышы:

- мамлекеттик тилде: «**Шифаа МАКС – ЖАЭУнун клиникасы**» ЖЧК;
- официалдуу тилде: ОсОО « **Шифаа МАКС - Клиника ЖАМУ**»;
- англис тилинде: LLC « **Shifa MAX - JAIU Clinic**».

2. КРнын мыйзамдарына ылайык тиешелүү Юстиция органдарынан жана башка мамлекеттик органдардан кайрадан каттоодон өткөрүү боюнча иш кагаздарды жүргүзүү Белекбаев Талантбек Маматосмоновичке жүктөлсүн;

3. Клиниканын штаттык жадыбалы жана тарифтик квалификациялык тизмеси киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде кайрадан бекитүүгө сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлуп, бир добуштан кабыл алынды.

3.2. - маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор Садырова Н.А Жалал-Абад эл аралык университетинин профессордук-окутуучулук курамынын аттестациясы, KPI жана рейтингдик баалоо системасы жөнүндөгү жобону бекитүү жана профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону кайра бекитүү тууралуу баяндады жана профессордук-окутуучулук курамдын ишмердүүлүгүн сапаттык жактан баалоо максатында аттестация, KPI (негизги көрсөткүчтөр) жана рейтингдик баалоо системасын киргизүү зарылдыгын белгиледи.

Ошондой эле, профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону учурдагы мыйзамдык талаптарга жана университеттин ички регламенттерине ылайык жаңыртуу сунушталды.

СУНУШ Канетова Д.Э.:
Профессордук-окутуучулук курамдын аттестациясы, KPI жана рейтингдик баалоо системасы жөнүндө жобону бекитүүнү сунуштайм.
Профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону жаңы редакцияда кайра бекитүүнү сунуштайм.
Токтом долбоору:

1. Жалал-Абад эл аралык университетинин профессордук-окутуучулук курамынын аттестациясы, KPI жана рейтингдик баалоо системасы жөнүндөгү жобо бекитилсин.
2. Профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобо жаңы редакцияда бекитилсин.
3. Жоболордун аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор Садырова Н.А.га жүктөлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлуп, бир добуштан кабыл алынды.

3.3 маселе боюнча профсоюздук комитеттин төрагасы К.А. Райимбеков - “Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер! Окуу жылыбыз аябай жемиштүү өттү университетибиз эки эл аралык жана бир мамлекеттик аккредитациядан ийгиликтүү өттү. Жыйынтыктары жогорку денгээлде болду. Жетишкен жетишкендиктер профессордук-окутуучулук курамдын эмгеги менен болду. Ошондуктан жылдын аягында профсоюздук комитет тарабынан уюштурулуучу Кара-Алма эс алуу жайына барып жамаат менен эс алып келүүгө жана университет тарабынан штаттык кызматкерлер жана профессордук окутуучулук курамга 2500 (эки мин беш жүз) сомдон акчалай сыйлык берүүгө сунуштайм. (Тиркеме тиркелет)

СӨЗГӨ ЧЫККАНДАР: президент Арынбаев Ж.Т.

Албетте кызматкерлер жан профессордук окутуучулук курам эбегейсиз кызмат кылышты, күнү түнү дебей иштешти. Сыйлык берүүгө штаттык кызматкерлер татыктуу. Сунушту колдойм.

Токтом долбоору

1. Кызматкерлер жана профессордук-окутуучулук курамга эс алуу уюштурулсун.
2. Штаттык кызматкерлер жана профессордук окутуучулук курамга 2500 (эки миң беш жүз) сом акчалай сыйлык менен сыйлансын.
3. Бекитип берүү жагы камкордук жана негиздөөчүлөр кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

ЧЕЧИМ:

1. Университеттин миссиясынын жана стратегиялык, жылдык пландарынын аткарылышы **жалпысынан канааттандыраарлык** деп табылсын жана төмөнкү иш-чаралар милдеттендирилсин:
    a. ар бир бөлүм үчүн KPI көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу жана бекитүү;
    b. стратегиялык пландардын аткарылышын кварталдык негизде талдоо;
    c. санариптик мониторинг жана отчеттуулук системасын киргизүү;
    d. илимий изилдөөлөрдү жана эл аралык публикацияларды көбөйтүү боюнча чараларды күчөтүү.
2. А) Ички мониторингтин жыйынтыгы жана Окуу-усулдук кеңештин ишмердүүлүгү канааттандыраарлык деп табылсын.

Б) Билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу максатында:

— бардык дисциплиналар боюнча окуу-усулдук материалдар (силлабус, жумушчу программа, ОМК) жаңыланып, методикалык кеңештен өткөрүлсүн;

— окуу процессинде LMS жана санариптик билим берүү платформаларын милдеттүү түрдө колдонуу камсыз кылынсын;

— баалоо инструменттери (тесттик банк, кейс, практикалык жана компетенттик баалоо) өркүндөтүлсүн;

— студенттердин өз алдынча иштеринин (СӨЖ) сапатын системалуу көзөмөлдөө күчөтүлсүн.

В) Ички сапат кепилдиги системасын өркүндөтүү боюнча:

— туруктуу ички аудит жана мониторинг жүргүзүү механизми күчөтүлсүн;

— билим берүү программаларын эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү иштери улантылсын;

— аккредитацияга даярдык иштери системалуу негизде жүргүзүлсүн.

Г) Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча:

— санариптик окутуу технологиялары, чет тилдер (TOEFL) жана сапат менеджменти (ISO) боюнча окутуулар улантылсын;

— эл аралык тажрыйба алмашуу жана академиялык мобилдүүлүк кеңейтилсин.

Д) Кафедра башчыларына:

— окуу-усулдук камсыздоонун сапатын камсыз кылуу;

— сабак өтүүнүн инновациялык методдорун колдонуу;

— билим сапатын жогорулатуу боюнча конкреттүү иш-чаралар планын иштеп чыгуу милдеттендирилсин.

—

3. Ар түрдүү маселелер.

3.1 А) «Шифаа клиник – Жалал-Абад эл аралык университинин клиникасы» жоопкерчилиги чектелген коомунун аталышы төмөнкүдөй өзгөртүлсүн.

Юридикалык жактын аталыштары:

- мамлекеттик тилде: «Шифаа МАКС – Жалал-Абад эл аралык университинин клиникасы» жоопкерчилиги чектелген коому;
- официалдуу тилде: Общество с ограниченной ответственностью « Шифаа МАКС - Клиника Жалал-Абадского международного университета»;
- англис тилинде: Limited Liability Company.«Shifa MAX-Jalal-Abad International University Clinic»

Кыскартылган аталышы:

- мамлекеттик тилде: «Шифаа МАКС – ЖАЭУнун клиникасы» ЖЧК;
- официалдуу тилде: ОсОО « Шифаа МАКС - Клиника ЖАМУ»;

- англис тилинде: LLC «Shifa MAX - JAIU Clinic».

Б) КРнын мыйзамдарына ылайык тиешелүү Юстиция органдарынан жана башка мамлекеттик органдардан кайрадан каттоодон өткөрүү боюнча иш кагаздарды жүргүзүү Белекбаев Талантбек Маматосмоновичке жүктөлсүн;

В). Клиниканын штаттык жадыбалы жана тарифтик квалификациялык тизмеси киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде кайрадан бекитүүгө сунушталсын.

Г) Бул чечимди бекитип берүү жагы камкордук жана негитздөөчүлөр кенештерине сунушталсын.

3.2 А) Жалал-Абад эл аралык университетинин профессордук-окутуучулук курамынын аттестациясы, KPI жана рейтингдик баалоо системасы жөнүндөгү жобо бекитилсин.

Б) Профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобо жаңы редакцияда бекитилсин.

В) Аттестациянын жана академиялык рейтингдин жыйынтыктары боюнча профессордук-окутуучулук курамды сыйлоо жөнүндө жобо бекитилсин.

Г) Жоболордун аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садыровага жүктөлсүн.

3.3. а) Кызматкерлер жана профессордук-окутуучулук курамга эс алуу уюштурулсун;

б) Штаттык кызматкерлер жана профессордук окутуучулук курамга 2500 (эки миң беш жүз) сом акчалай сыйлык менен сыйлансын;

в) Бул чечимди бекитип берүү жагы камкордук жана негитздөөчүлөр кенештерине сунушталсын.

Көчүрмөсү анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.